КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №19**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүнүн спорт залдарын убактылуу башкарууга өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн жетекчилиги 2025-жылдын 10-ноябрындагы 01-15/2495 сандуу “Октябрь айылындагы М.Атчабаров көчөсүндөгү спорт залын, Октябрь айылындагы Н.Карыбеков атындагы күрөш залын, Ленин айылындагы күрөш залын, Жыгач-Коргон айылындагы жаңы курулган спорт залын Октябрь балдар өспүрүмдөр спорт мектебине убактылуу башкарууга берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимин угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы М.Атчабаров көчөсүндөгү спорт залын, Октябрь айылындагы Н.Карыбеков атындагы күрөш залын, Ленин айылындагы күрөш залын, Жыгач-Коргон айылындагы жаңы курулган спорт залын Октябрь балдар өспүрүмдөр спорт мектебине убактылуу башкарууга өткөрүүгө макулдук берилсин.

2.Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

4.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**